17. **Исабеков И.** Этимология топонима Чаткал [Текст] / И. Исабеков // Наука. Образование.Техника.- Ош: КУМУ, 2023. - №3. - С. 128-134.

Поступила в редакцию: 16.01.2024 г.

**УДК 811.512.154:821.512.154**

***Станалиева Г.М.***
*к.филол.н., ст. преп. Кыргызско-Турецкого универ. Манас, Кыргызская Республика*
***Колдошов Т.Р.***
*к.филол.н.,доц. Кырг. гос. универ. культ. и иск. им. Б.Бейшеналиевой, Кыргызская Республика*

# СООРОНБАЙ ЖУСУЕВДИН СТИЛИСТИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ: «ОО, АНДА КӨКТӨМ ЭЛЕ» ЫРЫНЫН МИСАЛЫНДА

*Жумушта изилдөөнүн предмети катары акын С.Жусуевдин стилистикалык өзгөчөлүгү изилденет. Изилдөөдө «О, анда көктөм эле» аттуу ырын талдоо аркылуу акындын стилистикалык өзгөчөлүгүн көрсөтүү максат кылынат. Акындын аталган ырындагы колдонгон көркөм сөз каражаттарын, лексикалык-стилистикалык табылгаларын, көркөм чеберчилиги, сөз менен иштөө, образ жаратуу, идеяны ачып берүү, психологиялык-эмоционалдык кырдаалдарды жаратуу чеберчилигин аныкталды. Бул максатка ылайык, макалада «О, анда көктөм эле» ырынын идеясы, ал идеяны ачууда акын колдонгон көркөм тилдик каражаттарынын аткарган кызматы, ырдын композициялык курулушу талдоого алынды. Натыйжада, акын С.Жусуевдин поэтикалык чеберчилигиндеги негизги өзгөчөлүктөрү: алсак, жетпей калган сүйүүнү ашкере кайгы менен, пессимистик маанайда эмес, жайдары, жаркын маанайда баяндаганы, акын лирикасында көз алдыга тартылган элестүү, таасирдүү образдарды жаратууга умтулганы, бир ырда эле түрдүү композициялык планды иштеп чыга алганы, көркөм сөз каражаттары менен кынтыксыз иштегени, ыр жазуу техникасын мыкты билгени көрсөтүлдү.*

***Негизги сөздөр:*** *Сооронбай Жусуев; сүйүү темасы; сүйүү лирикасы; “О, анда көктөм эле” ыры; кыргыз поэзиясы; стилистикалык өзгөчөлүк; көркөм идея.*

# СТИЛИСТИЧЕСКИЕ ОСОБЕННОСТИ ЛИРИКИ СООРОНБАЯ ЖУСУЕВА: НА ПРИМЕРЕ СТИХОТВОРЕНИЯ "АХ, ТОГДА БЫЛА ВЕСНА"

*В работе рассматривается любовная тема в лирике поэта С. Джусуева на примере стихотворения «Ах, тогда была весна». Целью исследования данной работы является раскрытие поэтических особенностей любовной лирики поэта, в частности, исследуется художественно-стилистическое мастерство языка, а также психологическое и эмоциональное состояния автора, отраженные в поэтических образах. Таким образом, в данной работе анализируется идейное содержание стихотворения «Ах, тогда была весна», а также выявляется функции языковых художественных средств в раскрытии идеи и особенности композиционного строя произведения. В общем, к основным чертам поэтического мастерства поэта С. Жусуева можно отнести следующее: несбывшуюся любовь он описывает с крайней грустью, не в пессимистическом настроении, а в светлом настрое, поэт стремится к созданию ярких и впечатляющих образов в своей лирике развивает разнообразные композиционные планы в одном стихотворении. Поэт безукоризненно работал со средствами художественной выразительности и прекрасно владел техникой стихосложения.*

***Ключевые слова:*** *Сооронбай Жусуев; тема любви; любовная лирика; стихотворение “Ах, тогда была весна”; кыргызская поэзия.*

# THE THEME OF LOVE IN THE LYRICS OF SOORONBAI JUSUEV: THE EXAMPLE OF THE SONG "O THERE WAS SPRING"

*The article discusses the reflection of the theme of love in the lyrics of the poet S. Dzhusuev based on the example of the poem "Ah, then it was spring." The purpose of the article is to show the poetic features of his love lyrics, in particular, the artistic and stylistic mastery of his language and the function of psychological*

*and emotional states in creating characters. For this goal, the thematic content and the structural composition of the poem "Ah, Then It Was Spring" will be analyzed. In addition to this, the role of linguistic techniques and poetic elements in the reflection of the main theme will be discussed. As a result, the main features of poet S. Zhusuev's poetic skills are: he describes unfulfilled love with extreme sadness, not in a pessimistic mood, but in a cheerful, bright mood, the poet strives to create vivid and impressive images in his lyrics, develops a variety of compositional plans in one poem. It was shown that he learned, worked flawlessly with the means of artistic expression, and knew the technique of songwriting very well.*

***Key words:*** *Sooronbai Zhusuev; the theme of love; love lyrics; the poem "Ah, then it was spring"; Kyrgyz poetry.*

**Киришүү.** Сооронбай Жусуевдин «О, анда көктөм эле» аттуу ыры акындын чыгармачылыгында олуттуу орун ээлейт. Бул ырга таланттуу обончу Калмурат Рыскулов обон чыгарып, айтор, ал эл ичине кеңири сиңип, сүймөнчүк ырлардын бирине айланып калган.

Бул ырдын аты менен акын көзү тирүүсүндө, 2004-жылы, «О, анда көктөм эле» деген ырлар жана обондуу ырлар жыйнагын китеп кылып жарыкка чыгарган. Демек, С.Жусуев бул ырга өзү да өзгөчө маани берсе керек.

Элге кеңири тараган жана С.Жусуевдин ыр жыйнагынын аталышына коюлуп, кындын чыгармачылыгында бөтөнчө орду бар «Көктөм эле» ырынын поэтикасына саресеп салуу, талдоо кызыкчыл, бул бир себеби. Экинчи себеп – акындын ушул ыры аркылуу биз С.Жусуевдин лирикасында сүйүүнүн берилишинин өзгөчөлүгүн карап көрүүгө кызыктык.

Акын сүйүү тууралуу жазганда эмнеси менен өзгөчөлөнөт? Анын чыгармачылык мүнөз-табити, көркөм чеберчилиги кандай? Сөз менен иштөө, образ жаратуу, идеяны ачып берүү, психологиялык-эмоционалдык кырдаалдарды жаратуу чеберчилиги кандай деген суроолорго жооп издөөгө аракет жасадык.

Бул суроолорго жооп берүү үчүн биз «О, анда көктөм эле» ырынын идеясы эмне жана ал кандай таризде ачылып берилгенин, акын ырдын идеясын кандай көркөм тилдик каражаттар, стилдик фигуралар аркылуу чагылдырганын, ыр композициялык жактан кандай курулганын талдоого алууну туура көрдүк.

Бул максатка ылайык, жумушта алгач ырдын идеясы, андан соң, ырдагы тилдик көркөм каражаттар жана стилдик фигуралардын аткарган функциялары жана ырдын композициялык курулушу талдоого алынды.

**Жетпей калган сүйүүнүн арманы – ырдын башкы идеясы**

*Оо, анда көктөм эле, көктөм эле,*
*Жаңы эле жамгыр төгүп өткөн эле.*
*Капкара карагаттай көзүң менен*
*Карадың кирпик какпай көпкө неге?*

*Сейилдеп бакта жүрсөк, ай тамагым,*
*Сен ошол көз карашты кайталадың.*
*Мээримиң төгүп турсаң көз нуруңдан*
*Мен неге байкабадым, байкабадым.*

*Болгондур байкабастык тагдырыман*
*Тагдырдын тайыздык же тардыгынан.*
*Сезимге от тутантып да карасаң,*
*Сен үчүн кечер элем бардыгынан.*

*Негедир ошол кезди эстей берем,*
*Эстейм да, ошол жазга мен жетпей келем.*
*Алиге сеникиндей көз караштты*
*Аттиң-ай мен эч кимден сезбей келем* [6].

«О, анда көктөм эле» ырында качандыр бир жолуккан бакыт, мээрим тартуулаган таза сүйүүнү жаштыгында таанып, баалап, кармап калалбаган лирикалык каармандын арманы чагылдырылат. Бирок ырда ал арман көк түтүн болуп уюлгуган күйүт катары айтылбайт, тескерисинче, жылуу сезим менен, токпейил мээрим менен берилет. Мындай психологиялык-эмоционалдык кырдаал ырдын башынан аягына чейин сакталат. Бул өзгөчөлүк акын С.Жусуевдин чыгармачыл мүнөз-табитине таандык негизги сапат. Чындыгында, мындай сапат жалпы жонунан С.Жусуевдин муунуна, башкача айтканда, 1950-жылдары адабиятка кирип, 1960-жылдардын башында жаңы толкунду жараткан муунга текши эле мүнөздүү [8].

Жусуевдин муунунун поэзиясы салабаттуу, олуттуу мүнөз күткөнү менен айырмаланган. Тема тандоодогу олуттуулук, идеянын үстүндө иштөөдөгү салабаттуулук ошол өздөрү жашаган мезгилдин коомдук психологиялык мүнөзүнө жараша болгон.

Биз талдоого алган «Көктөм эле» ырында да бул мүнөздү байкоого болот. Ичти өрттөп, жүрөктөгү жараатты сыйрыган махабат арманынын күйүтү ушунчалык оор болсо да, С.Жусуев аны токтоолук жана сабырдуулук менен, каймана айтуу менен сылык-сыпаа баяндайт. Чынында, ыр ушундай кайманалыгы, сыпаалыгы, токтоолугу менен эмоционалдык-психологиялык жактан да, көркөм-эстетикалык жактан да, идеялык-мазмундук жактан да чоң утушка ээ болгон.

Ыр лирикалык каармандын жетпей калган сүйүүсүн эскерген чыгарма. Анда лирикалык каармандын арманы кыздын карагаттай көзү менен тиктеген көз карашы аркылуу ар бир куплетте кайталанып тереңдетилип берилип олтурат. Себеби, акын негизги идеясын лирикалык каарман эңсеген кыздын жалооруган көз карашына байлап ачып берүүгө умтулган. Муну акындын чыгармачылык чеберчилигин көрсөткөн өзгөчө көркөм табылга катары баалоого болот.

**Ырдын стилдик өзгөчөлүктөрү.** Ырдын аталышындагы «көктөм», «жаз» сөздөрүн акын эки мааниде колдонгон. Биринчисинде – окуяны эскерүү үчүн түз мааниде, ал эми экинчи маанисинде кыздын, кыз тартуулаган сүйүүнүн, бакыттын, мээримдин образы катары метафоралык мааниде берилген:

*Негедир ошол кезди эстей берем,*
*Эстейм да, ошол жазга мен жетпей келем.*
*Алиге сеникиндей көз караштты*
*Аттиң-ай мен эч кимден сезбей келем.*

Мындагы *эстейм да, ошол жазга жетпей келем* деген саптын подтекстинде лирикалык каармандын бир келген бактысынан куру калып, карагат көз кыз менен бирге боло албай калган соң, кийинки тагдыр-турмушунда андай жароокер жанга, бакыт менен сүйүүгө кайра жолукпаганы аста билдирилет. Акын болуу – метафоранын тили менен сүйлөө [1] дегендей, С.Жусуевдин ырында да бул метафора чыгарманын жалпы көркөм концециясын ачып берүүгө кызмат кылат.

Ал эми *«Мээримиң төгүп турсаң көз нуруңдан, Мен неге байкабадым, байкабадым»* деген акыркы саптагы лексикалык кайталоо менен акын лирикалык каармандын өкүнүчүн, арман-өксүгүн ушунчалык илбериңки туюндуруп, окурмандын ичин ачыштырып өтөт.

*Сезимге от тутантып да карасаң,*

*Сен үчүн кечер элем бардыгынан,* - деген саптардагы *«от тутантып»* деген сөз айкашы лирикалык каармандын чыңалган ички психологиялык абалын, жалооруп караган кыздын көз карашынан махабат отуна чалдыкканын, ошол махабаты үчүн бардыгынан кечип кетүүгө даяр экенин туюнтуп, лирикалык каармандын сүйүүсүн таасын чагылдырып, ырдагы эмоционалдык таасирди кыйла күчөткөн.

*Капкара карагаттай көзүң менен*

*Карадың кирпик какпай көпкө неге?* - деген саптарда кыздын көзүн *капкара* деген күчөтмө сын атооч менен, ага удаа эле *карагаттай* деген салыштырма сын атооч менен берүү ырдын өзөгүн түзгөн. Бул сын атоочтор лирикалык каармандын арманын жараткан жароокер кыздын **көз карашын** көз алдыбызга тартып, ага бизди да арбалтып, ырдагы образдуулукту арттырган.

Ал эми ырдагы *Карадың кирпик какпай көпкө неге?* деген суроодон кыздын көз карашы аркылуу айткан ыймандай сырын, ашыглык отун байкайбыз. Кыздын качанкы бир көз карашы лирикалык каармандын ичин эңшерип жатканын М.Бахтин мындайча түшүндүрөт: “Переживаясь вне меня в другом, переживания имеют обращенную ко мне внутреннюю внешность, внутренний лик, который можно и должно любовно созерцать, не забывать так, как мы не забываем лица человека (а не так, как мы помним о своем бывшем переживании), закреплять, оформлять, миловать, ласкать не физическими внешними, а внутренними очами. Эта внешность души другого, как бы тончайшая внутренняя плоть, и есть интуитивно-воззрительная художественная индивидуальность: характер, тип, положение и проч., преломление смысла в бытии, индивидуальное преломление и уплотнение смысла, облечение его во внутреннюю смертную плоть — то, что может быть идеализовано, героизовано, ритмировано и проч. Обычно эту извне идущую активность мою по отношению к внутреннему миру другого называют сочувственным пониманием” [3].

Ырдагы кызга *«ай тамагым»* деген кайрылуу кыргыз поэзиясында сейрек учураган эпитет экенин да айта кетели.

Жалпылап айтсак, аталган ырдын стилдик өзгөчөлүктөрү булар:

✓ «жаз» сөзүн метафора катары берүү менен ырдагы подтексттик маанини күчөткөн;

✓ сын атоочтун күчөтмө жана салыштырма даражалары аркылуу лирикалык каарман кыздын илбериңки мүнөз-мамилесин, жүрөккө чок салган ажарын таасын чагылдырган;

✓ лексикалык кайталоо стилдик ыкмасын колдонуу менен ырдагы арманды тереңдетүүгө, лирикалык каармандын психологиялык абалын, өксүгүн терең көрсөтүүгө жетишкен;

✓ «От тутантып» деген өңдүү туруктуу сөз айкашы аркылуу сүйүү сезиминин күчтүүлүгүн көрсөтө алган;

✓ риторикалык суроо стилдик ыкмасы аркылуу психологиялык кырдаалдын жаралышын көрсөтүүгө жетишкен.

**Ырдын композициясынын түрдүүлүгү.** Ырда биз эки композициялык планды көрөбүз: шакекче жана түз сызыктуу композицияны.

Биринчиси – лирикалык каармандын кыздын көз карашына кайра-кайра кайрылуусу ыр шакекче түрүндөгү композицияда курулганын айгинелейт. Адатта, шакекче композицияда бир сөз айкашы кайра-кайра кайталанып берилсе, (мисалы, С. Эралиевдин «Жүз жылдар мындан кийин да» деген ырындагы «жүз жылдар мындан кийин да» деген саптардын ар куплетте кайталанышындай), ал эми С. Жусуевдин «Көктөм эле» ырында жароокер кыздын көз карашы кайра-кайра кайталанып берилет.

Мисалы, биринчи куплетте:

*Капкара карагаттай* ***көзүң менен***
***Карадың*** *кирпик какпай көпкө неге?*

Экинчи куплетте:

*Сейилдеп бакта жүрсөк, ай тамагым,*
*Сен* ***ошол көз карашты кайталадың***.

Үчүнчү куплетте:

*Сезимге от тутантып да* ***карасаң,***
*Сен үчүн кечер элем бардыгынан.*

Төртүнчү куплетте:

*Алиге сеникиндей* ***көз карашты***
*Аттиң-ай мен эч кимден сезбей келем.*

Адабиятта бир чыгарма түрдүү композицияда түзүлгөн учурлар арбын эле кездешет. Бул ырда да биз шакекче композиция менен катар бир сызыктуу (линейная) композицияны кошо учуратабыз. Анткени бул чыгарма чакан лирикалык ыр болгону менен, кайсы бир деңгээлде анда сюжеттик линия бар. Дегеле С.Жусуев жалпы лирикасында көркөм образга, мазмундуулукка, музыкалуулукка көп көңүл бурганы, сөзгө өтө астейдил мамиле жасаганы, сөзгө чоң ой, чоң мазмун бергендиги аны башка акындардан кескин айырмалап турганы жөнүндө Кыргыз Республикасынын Эл акыны С.Эралиев баса белгилеген [7].

Алсак, ырда кадимкидей окуя башталып, өнүгүп, чиеленип кульминациялык чекитке жетип чечилет десек болот. Мындай сюжеттик линиянын жаралышына ырдын эскерүү түрүндө башталганы да өбөлгө түзгөн. Бир көктөмдө лирикалык каарман карагаттай көзү менен жалооруп караган кызга жолугат, ал менен бак аралап сейил курат, бирок, ал кыздын жылуу, аруу сезимин, мамилесин жаштыгы менен байкабай, тагдырына бир келген бакыт кушун кармап калалбай калат. Ырда экөө эки башка жолго түшкөнү лирикалык каармандын тымызын ичтен сызган арманы аркылуу ачык көрүнөт. Лирикалык каарман эгер карагат көз кыз кайрадан жолугуп, ошол сезими менен кайрыла турган болсо, азыркы турмушунан кечип, бирге болуу үчүн баарына кайыл болорун айтат. Себеби, лирикалык каармандын андай кызды да, андай аздек мамилени да, аруу сезимди да кийин турмушунан жолуктурбаганы белгилүү болот. Бул сюжеттик линия, албетте, түз сызыктуу композициялык түзүлүш менен ишке ашкан.

Муну менен катар, ушул ырдын жазылышына, лирикалык каармандын сүйүүсүнө, арманына себепчи болгон кыздын көз карашы ар бир куплетте лирикалык каармандын ар түрдүү өксүк ойлорун *(Сезимге от тутантып да карасаң, Сен үчүн кечер элем бардыгынан),* ар түрдүү психологиялык абалын *(Мээримиң төгүп турсаң көз нуруңдан, Мен неге байкабадым, байкабадым),* тагдыр-турмушунун түрдүү учурларын *(Негедир ошол кезди эстей берем, Эстейм да, ошол жазга мен жетпей келем. Алиге сеникиндей көз карашты, Аттиң-ай мен эч кимден сезбей келем)* чагылдырат.

Корутундулап айта турган болсок, белгилүү орус сынчысы В. Белинскийдин «Всякая поэзия должна быть выражением жизни, в обширном значении этого слова, обнимающего собою весь мир, физический и нравственный» [3] дегениндей, С.Жусуев турмуштун нак өзүнөн угут алып, физикалык жана нравалык дүйнөнү түгөл эриш-аркак чагылдырат. Буга акындын биз талдаган чакан ыры да күбө. Аталган ырда адамдын башына келген бир чоң сүйүүнү тааный албай, баалай албай калган жаштыктын энөөлүгүн, баеолугун, байкабастыгын, сүйүүнүн, бакыттын, мээримдин куну жок баасын, мезгилдин, учурдун

кайталангыстыгын, адам тагдырынын татаалдыгын оргуштаган сезимдер, ашкере көркөм каражаттар аркылуу эмес, же болбосо, арман-күйүткө чөккөн ойлор менен эмес, а карагаттай көзү менен жалооруй караган кыздын ичти тызылдатып кеткен көз карашын эскерүү аркылуу эле таасын ачып берип койгон.

С. Жусуев адамды арманга чөмүлткөн сүйүүнү пессимистик маанайда эмес, жайдары, жаркын маанайда баяндайт. Адабияттагы мындай эстетикалык дүйнө тааным – дүйнөнүн классикалык картинасын түзөт, башкача айтканда, болмуш бирдиктүү, тариздүү, маани-маңыздуу кабыл алынат, ал эми андай болмуштагы адам да жашоого үмүттүү жаркын карайт [10].

**Жыйынтык**

С.Жусуев лирикасында көз алдыга тартылган элестүү, таасирдүү образдарды жаратууга жетишкен. Анын бир эле ырынын мисалында түрдүү композициялык планды иштеп чыга алганына да күбө болдук. Акындын көркөм сөз каражаттары менен кынтыксыз иштегени, адабиятчылар текши белгилегендей, ыр жазуу техникасын мыкты билгени анын чыгармачылык чеберчилигинин өзгөчөлүгүн айгинелейт.

**Адабияттар тизмеси:**


1. **Андреев, А.Н.** Метафора как поэзия. https://libr.msu.by/bitstream/123456789/7380/1/950s.pdf 23.05.2022.
2. **Артыкбаев, К.** XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы[Текст]:студ. окуу китеби / К.Артыкбаев. – Бишкек: Турар, 2015. - 656 б.
3. **Бахтин, М.М.** Эстетика словесного творчества [Текст] / сост. С.Г. Бочаров, примеч. С.С. Аверинцев, С. Г. Бочаров. - М.: Искусство, 1979. - 423 с.
4. **Белинский, В.** Сочинения Александра Пушкина [Текст] / В.Белинский. – М.: Худож. лит., 1985. – 560 с.
5. **Жумакадырова, К.** Сөз чебери [Текст] / К.Жумакадырова. – Бишкек, 2012. – 144 б.
6. **Жусуев, С.** О, анда көктөм эле [Текст] / С.Жусуев.- Бишкек, 2004.
7. **Жусуев, С.** Тандалмалар: Тандалган ырлар жана поэмалар [Текст] / С.Жусуев // (С.Эралиевдин баш сөзү менен чыккан) – Ф.: Кыргызстан, 1975. – 491 б.
8. **Ибраимов, О.** История кыргызской литературы XX века: (том второй) [Текст]: учебник. – Бишкек: Бийиктик, 2013. – 512 б.
9. **Өмүрзакова, Н.** Адабият таануу илиминин айрым маселелери [Текст] / Н.Өмүрзакова. – Бишкек, 2014.
10. **Хализев, В.Е.** Наследие М.М. Бахтина и классическое видение мира[Текст] / В.Е.Хализев // Филологические науки. - 1991. - № 5.
11. **Жусуева, С.К.** Жол очерки - көркөм прозанын өзгөчө формасы [Текст] / С.К. Жусуева // Наука. Образование. Техника.- Ош: КУУ, 2018. - №2. – С. 29 – 33.


Поступила в редакцию: 17.01.2024 г.

**УДК:821:82.32.(575.2)(04)**

***Турдубаева Н.Ш.***
*к.ф.н., доцент Кыргыз. Нац. универ. им. Ж. Баласагына, Кыргызская Республика*

## ЫРЫСБЕК АБЫКАНДЫН ПРОЗАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРЫ

*Изилдөөнүн предмети катары Кытай кыргыз адабиятында проза жанрында 30-жылга жакын жазууга өмүрүн арнаган Ырысбек Абыкандын аңгемелери, повесттерине чейинки чыгармаларынын идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрүн анализдөө менен хронологиялык ырааттуулугун сактап, 60-жылдарда Кытайдагы кыргыз прозасынын өнүгүү тарыхын аныктоо болуп саналат. Изилдөөнүн максаты Ырысбек Абыкандын кыргыз адабиятында жазган 1960-1990-жылдары чыгармаларын,*